КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
АК-СУУ РАЙОНУ

КАРАКОЛ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
КАРАКОЛ

**Каракол айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин**
**XXIX-чакырылышынын XIII- сессиясы**

# ТОКТОМ

**2026-жылдын 14 04 № 7** **Каракол айылы**

**Каракол айыл аймагындагы элеттик аялдардын укуктарын коргоо, коомдогу ролун жогорулатуу, менталдык ден соолугуна кам көрүү жана "Элеттик айымдар күнүн" белгилөө жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы №1 "Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө" Жарлыгына, ошондой эле аялдардын коомдогу ролун жогорулатуу, алардын эмгегин баалоо жана үй-бүлөлүк баалуулуктарды чыңдоо максатында,Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34 жана 39-беренесине ылайык Каракол айыл аймагынын жергиликтүү кенеши **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагында элеттик аялдардын укуктарын коргоо, коомдогу ролун жогорулатуу, менталдык ден соолугуна кам көрүү боюнча Жобо тиркемеге ылайык бекитилсин..

2.2026-2030-жылдар ичинде Каракол айыл аймагында 18-июнь- "Элеттик айымдар күнү" белгиленсин.

3.Аялдардын коомдогу ролун даназалоо жана укуктук сабаттуулугун арттыруу максатында айыл өкмөтү төмөнкү иш-чараларды камсыз кылсын:

*Аялдардын укуктарын коргоо жана зордук-зомбулуктун алдын алуу боюнча маалыматтык кампанияларды жана юридикалык кеңеш берүүлөрдү уюштуруу;

*Айылдагы үлгүлүү, эмгекчил жана коомдук иштерде активдүү айымдарды аныктап, сыйлоо аземин өткөрүү;

*Аялдардын менталдык ден соолугун чыңдоо багытында психологиялык тренингдерди жана маданий программаларды даярдасын жана бекитсин;

4.Иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү үчүн атайын уюштуруу комитети түзүлсүн.

5.Каржылоо маселеси жергиликтүү бюджеттин мүмкүнчүлүгүнө жараша жана демөөрчүлөрдүн эсебинен чечилсин.

6. Токтом ММКларга жайгаштырылып, юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин..

7.Бул токтомду аткарууга алуу айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Ариповго, токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө социалдык маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.М.Алымбаев**

Иш кагаз-1,облустук юстиция башкармалыгына-3, а/ө-1,